**Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультети**
**эл аралык байланыштар жана академиялык мобилдүүлүк**
**боюнча маалымат**

Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультети көптөгөн чет өлкөлүк ЖОЖдор жана уюмдар менен тыгыз байланышта. Бүгүнкү күндө факультет өз алдынча бир канча максаттарды коюп иш алып барып жатат.

-Ааламдашуу доорунда дүйнөлүк билим берүү мейкиндигиндеги ЖОЖдор аралык интеграцияны, мобилдүүлүктү активдештирүү жана ички академиялык алмашууну жана студенттерди жаңы окуу чөйрөсүнө аралаштырып, сабакка болгон атаандашууларын күчөтүү менен бирге аларды коомчулук менен тил табышууга конүктүрүү;

– ЖОЖдор арасында педагогикалык тажрыйба алмашууну өнүктүрүү, белгилүү окумуштуулардын жана профессорлордун, доценттердин конок лекцияларын, ачык сабактарын уюштуруу жана алардын стажировкалардан өтүүлөрүн камсыздоо;

– профессордук-окутуучулук курамдын илимий изилдөө иштерин биргелешип жүргүзүүгө шарттарды түзүп берүү, илимий-практикалык конференцияларды уюштуруу;

Факультеттин студенттери да эл аралык программаларга активдүү катышууда. Академиялык мобилдүүлүк программаларынын алкагында, Испаниянын Кадис университети, Туркия нын Болу, Чукурова, Эдирне, Жумхуриет ж.б. ,Россиянын
Оренбург, Чуваш университети,Казакстандын Гумилев атындагы Евразиялык улуттук, Өзбекстандын М. Улугбек атындагы Өзбекстан улуттук, Фергана жана Андижан мамлекеттик университеттеринде студенттер жыл сайын 1 семестрге жана 1 айлык мөөнөттө окуп келишет.

2021-2022- окуу жылынан баштап кош диплом боюнча да иш аракеттер колго алынып, Казакстан Республикасынын Гумилев атындагы Евразия Улуттук университетинин филология факультетинин Котормо иши адистиги боюнча биздин факультеттин Лингвистика багыты боюнча кош дипломдуу программага кол коюлуп, окуу планы иштелип чыгып, азыркы мезгилде Лингвистика багытынын жаны кабыл алынган 1-курстарынан 13 студент тандалып алынып аталган университетте учурда 1-курста билим алууда.

Бул студенттер 2 жыл биздин факультете, 2 жыл Гумилев улуттук университетинин филология факультетинде окуп эки окуу жайдын дипломуна ээ болушат.

Ошондой эле окутуучулар жана студенттер Ош декларациясынын алкагында Кыргызстандын ичиндеги ЖОЖдорго академиялык мобилдүүлүк менен барып, тажрыйба алмашып келишет.

Факультетке келген чет өлкөлүк профессорлордун жана тил адистердин да саны аз эмес. Мисалы, Фулбрайт программасы аркылуу чакырылган адистер факультеттин профессорлук-окутуучулук курамына жана студент-магистранттарга тренинг-семинарларды, консультацияларды уюштуруп жардам көрсөтүшөт.

Азыркы жаны окуу жылындаFulbright программасы аркылуу чакырылган англис тили адиси Тим Ваул (АКШ) кызматташууда жана окутуучулардын квалификациясын жогорулатуга семинар трейнингдер байма-бай отуудо.

Азырда 2022- 2023-окуу жылында Туштук Кореянын Сейжонг Институтунун профессору Сок Кюнь О жана корей тили адисы Канг Жеёнг корей тили боюнча сабак берип жатышат, ал эми корей тили адистиги боюнча окуган студенттерибиз Туштук Кореяда академиялык мобилдүүлүк боюнча окуп келүүгө мүмкүнчүлүктөр жаралып жатат.

2023-жылдын 12-январында Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин англис тилин окутуунун методикасы кафедрасынын тренерлери Бурулча Койлубаева жана Динара Суркеева «The super power of STEM in teaching English» деген темада тренинг өтүштү. Семинардын негизги максаты илим, технология, инженерия жана математика сыяктуу дисциплиналарды интеграциялап окутуунун эффективдүүлүгүн жайылтуу. Факультеттин окутуучулары STEM жана аны окутуунун усулдары жөнүндө маалымат алышты.

Ош мамлекеттик университети жана Андижан мамлекеттик педагогикалык институтунун эки тараптуу кызматташуусунун алкагында Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин профессордук окутуучулук курамы Кулубекова А, Дубанаева К.Т., Токтосунова З., Тургунбаева Б.Ж., Абдыкадырова С.Р., Эрмекбаева Н.Ж., Аспердиева Ч.М., Назарова М.К., Бердибекова Б.К., Турдубекова А.Ш., 2023-жылдын 6-февраль күнү Өзбекистандын Андижан мамлекеттик педагогикалык институтунда болуп жаткан илимий-конференцияга катышуу менен биргеликте интерактивдүү конок лекцияларды окуп кайтышты.

Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин англис тилин окутуунун методикасы кафедрасынын окутуучусу Зулпукаров Бакыт Индиянын ITEC программасынын алкагында фераль айында 2 жумалык практикалык тренингге катышып кайтты.

Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин деканы, Сагындыкова Рахат Жумабаевна Америка Кошмо Штатынын мамлекеттик департаментинин колдоосунун негизинде Кыргыз Республикасы үчүн санариптик доордо билим берүү аттуу февраль-март1 айлык окуу долбоорунун алкагында Америка кошмо штатында тажрыйба алмашып кайтты. Аталган долбоор төмөнкү конкреттүү максаттарды көздөйт: Билим берүүнүн учурдагы технологиялык тенденцияларына сереп берүү; Тил үйрөнүүгө жана STEMге басым жасоо; Жаңы технологиялар менен иштөө жана технологиянын артыкчылыктары менен кемчиликтерин баалоо. IVLP программасынын алкагында Американын төмөнкү штаттарында Washington, D.C. - Albany, NY,Columbia, Pensacola, FL, Iowa City, IA,Freeport, IL ,New York, практикалык тажрыйба алмашуу мүмкүнчүлүктөрү түзүлгөн

Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин англис тилинин фонетика жана грамматика кафедрасынын улук окутуучусу Эргешова Гүлбарчын Сатимбековна АКШ штатынын борбору болгон Вашингтон Д.С. шаарына Integrating Social Emotional Learning into English Language Classroom деген аталышта тажрыйба алмашуу программасынын 2 жумалык тренингине катышып

келди. Программа Америка элчилиги тарабынан каржыланып,World Learning тарабынан ишке ашты. Бул тренингге 25 ар түрдүү мамлекеттен келишип, тажрыйба алмашып, курстун аягында проект жасашып, аны ишке ашуусуна чон салым кошушту. 2 жумалык трениггден кийин, Орегон, Портландда болуп откон мастштабдуу ТЕСОЛ эл аралык ковенцияга, кафедранын улук окутуучулары Эргешова Гулбарчын, Тажибаева Анара, Ала Тоо Университетинен Жээнбекова Чынара менен чогуу "Entrusting Rural and Remote Teacher groups and Establishing TESOL Association", жана "Incorporating Translanguaging Perspectives Into the ELT Classroom" деген темада постер презентация жана презентация жасашты. Конференцияга 4000дей дүйнөнүн булун бурчунан билим берүүчүлөр барып катышышты.Конференция 4 күн болуп, ар түрдүү иш чаралар жүргүзүлдү. Эргешова Гулбарчын катышып келген программанын жабылуу аземи, Акссесс программасынын иш чаралары, лоторея ж.б.у.с иш чаралар болуп өттү

Жыл сайын ДТжМФ де академиялык мобилдүүлүк боюнча мониторинг жүргүзүлүп турат .

Факультеттин студенттери боюнча сырткы мобилдүүлүктүн көрсөткүчү

| Окуу жылы | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 | 2022-2023 |
|---|---|---|---|---|---|
| Жалпысы | 42 | 52 | 55 | 106 | 136 |

Сырттан факультетке академиялык мобилдүүлүк боюнча келип билим алган студенттердин көрчсөткүчү

| Окуу жылы | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 | 2022-2023 |
|---|---|---|---|---|---|
| Жалпысы | 2 | 4 | 5 | 4 | 6 |

Факультеттин профессордук-окутуучулук курамдын сыртта стажировкадан өткөн, конок лекция окуган, семинар жана конференцияларда катышкан жалпы саны.

| Окуу жылы | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 | 2022-2023 |
|---|---|---|---|---|---|
| Жалпысы | 25 | 22 | 31 | 36 | 46 |

Факультетке сырттан келип стажировкадан өткөн, конок лекция окуган, семинар жана конференцияларда катышкан профессордук-окутуучулук курамдын жалпы саны.

| Окуу жылы | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 | 2022-2023 |
|---|---|---|---|---|---|
| Жалпысы | 12 | 21 | 25 | 38 | 52 |